**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**“ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ МЕКЕМЕСИ”**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЖИБЕК-ЖОЛУ”**

**Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышынын 2026-жылдагы кезектеги III отуруму**

# ТОКТОМ
**№ 3/5**

15-апрель 2026-жыл. Согонду айылы

**Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн аймагында турак жай куруу үчүн жер тилкелеринин аянтын бекитип берүү жөнүндө**

Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн аймагынан трансформация болгон жана калктуу конуштун чегинде жайгашкан турак жай куруу үчүн жер тилкелеринин аянтын Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 18-июлу № 149 Жер Кодексинин 21-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 6-майындагы №177 “Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу токтомунун негизинде чектеп бекитип берүү максатында Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн аймагынан трансформация болгон жана калктуу конуштун чегинде жайгашкан турак жай куруу үчүн жер тилкелеринин аянты “Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 18-июлу № 149 Жер Кодексинин 21-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 6-майындагы №177 “Жеке менчик турак үй куруу үчүн жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу токтомунун негизинде Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн аймагында 3(үч) жылдан кем эмес туруктуу жашаган жергиликтүү тургундарга” 8(сегиз) сотыхтан чектелип берилсин.

2. Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн аймагындагы турак жай куруу үчүн жер тилкелеринин аянтын 8(сегиз) сотыхтан чектеп берүү жагы Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн жер комиссиясына жана Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарлышын көзөмөлгө алуу айылдык кеңештин жер жана муниципалдык менчик, айыл чарбасы, боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б. Ж. Артыков**